**ТОКПАЕВА З.Т.**
**lib.knu@mail.ru**

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ИСЛАМГА ЧЕЙИНКИ ДҮЙНӨ ТААНУУСУНДАГЫ ЭКОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТЫ

Адамзат жакында эле үчүнчү миң жылдыктын босогосун аттап өттү. Бул аттап өтүү менен бирге эле адамзат өзү менен кошо бир топ топтолгон өтө курч маселелерди жък кылып ала келди. Адамзат жаьы кылымга өтүшү менен жеке эле экономикада сапаттык жаңы өзгөрүүлөр жөнүндө сөз болбостон, ошону менен бирге эле адамдардын дүйнө түшүнүгү, адам өзүн коомдо кандай сезиши, өзүн курчап турган жаратылыш, коом жана мамлекет менен өз ара карым катнашы, дүйнө элдери менен ааламдашуу мезгилинде кандай алака, кандай принципте интеграцияланыша тургандыгы маанилъъ маселелердин бири.

Ааламдашуу маселесинин өнүгүшү менен экологиялык маселелер дагы өтө курч мүнөзгө ээ болуп, адамзат алдында адамзаттын мындан ары жашап кетүү көйгөйү турат. Азыркы мезгилде адамзаттын алдында ааламдык, экологиялык маселердин келип чыгыш себебин табуунун жана ушул маселелерди чечүүнүн ынгайлуу жолдорун издөө милдети турат. Азыркы экологиялык кырдаалдар адамдын курчап турган айлана чөйрөсүнө жаратылышка болгон мамилесин башкача көз караштa кароого аргасыз кылууда. Чыгыш элдеринин өзгөчөлүгү өзүн курчап турган жаратылышка аяр мамиле жасап, жаратылыш менен болгон мамилесин үзгөн эмес. Кыргыз элинин дүйнө таанымы өзүн курчап турган айлана чөйрө жана жаратылыш менен тыгыз байланышта болгон. Адамдардын маданиятынын негизин дайым эле өзүн курчап турган жаратылыш менен айкалышуу түзүп, адамзат жаратылыштын закон ченемдүүлүктөрүн үйрөнүп аларды материалдык жана руханий баалуулуктарында чагылдырып, пайдаланып келген. Бардык эле учурда адамдардын күнүмдүк турмушунда дүйнөгө болгон көз карашында жаратылышка кылдат болууга, үзгүлтүксүз аяр мамиле кылууга мүмкүнчүлүктөрү болуп келген эмес. Жаратылыш адамдын жашоосунда негизги ролду ойногонун, адам анын бир бөлүгү экенин түшүнүп биздин байыркы бабаларыбыз жаратылышка аяр мамиле кылууга дайым даяр болушкан.

Табигаттын таш боор кырсыктарына көз каранды болгондуктан байыркы кыргыздар жаратылыш адамдын эркине баш ийбей турганына көздөрү жеткен. Ар бир калктын дүйнө таанымы жаратылыштын таасиринен тышкары ал элдин чарбалык маданиятынын өнүгүшүнө, анын жетишкендиктерине жана коңшу элдердин таасиринин астында (аркасында) калыптанаары белгилүү.

Кыргыз элинин маданиятын изилдөөлөргө таянсак байыркы адамдар тиричилик буюмдарынын жардамы аркылуу жаратылышты өзгөртүп түзүп чексиз дүйнө түзүлүшүнүн закон ченемдүүлүктөрүн таанып билүүгө жол ачышкан. Тиричилик буюмдары убакытты, көлөмдү, аралыкты өлчөө максатында пайдаланышып, ошол эле убакта тиричилик буюмдары өзүн жараткан адамдын тажрыйбасын анын дүйнө таанымы, дүйнө түшүнүктөрү жөнүндө маалыматтарды сактоочу катары эсептелген.

Байыркы кыргыз элинин жаратылышты өздөштүрүү тажрыйбасында тышкы дүйнө менен байланыш түзүүгө аракет кылуу менен бирге эле адамдын коомдук, табыгый маңызын түшүнүүгө умтулушкан. Байыркы элдердин дүйнөнү ушундайча кабыл алышы адамзат тарыхынын өнүгүшүнүн орчундуу бөлүгү болуп, философиялык ой жүгүртүүлөрдүн негизин түзгөн.

Курчап турган жаратылыштык чөйрө жекеле адамдын тажрыйбасын баалуулуктарынын, материалдык жыргалчылыктын булагынын объектиси болбостон, ошондой эле адамдын жашоо тиричилигинин шарты болуп эсептелет.[1]

Байыркы кыргыз элинин диний ишенимдеринде жаратылышка сыйынуу маанилүү орунду ээлеп, жер шартына, турмуш тиричилигинин өзгөчөлүгүнө байланыштуу ар түрдүү мүнөзгө ээ болгон. Айрыкча жашоонун башаты болгон жер, сууга сыйынуу өзгөчө орунду ээлеген. Окумуштуу философ Аманалиев Б. туура белгилегендей:

«Кыргыз элинин жер, сууга сыйынышы бул – жер менен суунун ёмърдън башаты болушунун негизинен болсо керек»[2].

Байыркы кыргыз эли жер, суу менен катар отко да сыйынышып, оттун тазалоочу жана дарылоочу күчүнө ишенишкен. Енисей чөлкөмүндөгү байыркы кыргыздар жаратылыштын ар түрдүү кубулуштары менен өзгөчө байланышта болгон отту жашоого күч дем берүүчү башталма катары эсептешкен. «От кыргыздарда тазалоочу касиетке ээ (тазалоо ырым жырымы аластоо деп аталат) [3]. От ошону менен бирге эле үй жайдын, очоктун колдоочусу катары эсептелген. «Кыргыздарда келин жаңы үй-бүлөгө кирүүдө отко жүгүнүүгө тийиш болгон» [4].

С.Е. Маловдун которуп жарыяланган текстеринде Теңир, Көк Асман, Ай деген түшүнүктөр көп жолугат. Енисейдин боюндагы байыркы кыргыздардын таш эстеликтеринде эң жогорку башкаруучу, бардык жаныбарлардын үстүнөн караган Теңир (Кудай) болгон [5]. Таш эстеликтеринде «Теңирдүү мамлекетимдин» [6] ырахатын көрө албай калдым деген арман да ташка чегилип калган. Енисейлик байыркы кыргыздарда дини катары Теңирге ишенүү аны эң жогорку кудайындай көрүү жалпы калкка тиешелүү болгон. Асмандагы Теңир бардык калкка бирдей, тең калканч экендигин табылган эстеликте айтылган «Теңирим бизге чатыр» [7] деп чегилген. Жарык дүйнө менен коштошуп баратканда да байыркы кыргыздар күн менен айды көрбөй калдым, сезбей калдым дешкен «Күн менен айды» [8] сезбей калдым деген жазуу жарык дъйнё менен коштошуп караңгы дүйнөгө кеткендигин көмүскө түрдө айтышкан.

Академик В.В. Бартольд кыргыздар жөнүндөгү тарыхый очеркинде С.Е.Маловдун, И.А.Батмановдун айткандарын эске алып VII кылымга жакынкы убакытка чейин Кыргыз элинде Теңир алардын негизги Кудайы катарында болуп, кылымдар бою өзүнчө мыйзам ченемдүү, туруктуу, философиялык иреттүү тизмегин түзө алышкан жана иш жүзүндө (турмушунда) колдонуп келишкен. Күнүгө (күн сайын) жылдын ар кайсы мезгилинде көрүнүп Көк асманга, түңкүсүн жарык берген Айга байыркы кыргыздар сыйынып турушкан. Енисейлик байыркы (түндүк) кыргыздар өздөрүнүн дүйнө таанымында жашоосун бул жана тиги дүйнө деп бөлгөн эмес. Жашоо менен коштошуп бара жатканда адам катарында бул дъйнёнън жыргалын көрө албай калгандыгын, толук ыракат алалбагандыгын иреттеп санап, өкүнүп андан тышкары бөлөк жашоо болбой тургандыгына көзү жетип коштошуп кетишкендери ташка тамга менен басылып, кийинки муундарга насаат, мурас, осуят катарында калтырганы да ойлондурат. Енисейлик байыркы кыргыздардын жашоосунда негизги баалуулуктардын бул дүйнөнүн ыракаты менен гана чектелери алардын армандарында көрүнүп турат. Баалууктарды тизмелеп көрсөк биринчи орунда өз элинен, өз уруусунан, өз туугандарынан, калың элден айрылганыма ёкънёмън жерден, суудан айрылдым деп арманда кеткени ташка чегилип калган. Тексттерди окугандан кийинки орунга байыркы кыргыздар малды, алтындан жана күмүштөн жасалган буюмдарды коюшкан.

Негизинен төмөнкүдөй тыянак чыгарсак туура болушу мүмкүн. Енисейлик байыркы кыргыздар жаратылыш менен болгон биримдигин унутушкан эмес, ал дайым эс тутумунда болгон. Көк Асман, Күн, Ай, Жер, Суу болмоюн жашоо мүмкүн эмес деп ойлошкон. Жарык дүйнөдө жашоонун булагы, тиреги мына ошолор экенине терең ишенишкен десек жаңылыштык болбойт.

Таштагы тексттерде Умай-бег деген ысым кездешет. Теңирден кийин Умай эне экени белгилүү эле «Умай эне» адам баласынын биринчи энеси деп [9] уламышта айтылган.

Кээ бир тексттерде мен илбирстерди, бугуларды өлтүргөн жокмун деген эскертүүлөр бар. Мындан төмөнкүдөй жыйынтык чыгарса болот: Байыркы кыргыздар көп жаныбарларды ыйык тутуп, аларга кол салышкан эмес, же бөөдө өлтүргөн эмес. Бул жерде мүмкүн тотемдик түшүнүктөр да болушу ыктымал. Бирок тотемизм жөнүндө, анын кеңири таркалышы тууралуу тексттерде материал көп кезикпейт. Биздин оюбуз боюнча тотемисттик көз караштардын көпкө чейин сакталып калышы

анын динге айланып кетпеген себеби урукту, урууну, элди бириктирүүгө, багындырып алууга шарт түзгөн.

Чыгыш элдеринин, анын ичинде түрк элдеринин өздөрүнүн улуттук баалуулуктары, рухий байлыктары унутулуп калгандыктан азыркы мезгилдеги ааламдашуу (глобализация) учурундагы адамга терс көрүнүштөрдүн таасиринен сактанып кала албай жатат. Ааламдашуу учурунда (ал мезгил келди) эң жогорку байлык адам экенин, адам мамлекеттен, бийликтен коомдон да жогорку ыйык экенин эстен чыгарбасак адамзаттын бешиги болгон Жерди, Жаратылышты, Сууну сактап кала алабыз.

Биздин оюбуз боюнча жер жүзүндөгү эң баалуу берметтердин бири – Адам. Жер – Суу Адамга эмес, Адам Жер – Сууга таандык. Енисейдин боюндагы байыркы кыргыздар Жер – Сууга сыйынып келишкенин унутпайлы.

«Суу сыйлаган зор болор,
Суу кордогон кор болор,
Өзүнө өзү жоо болор», - [10]

деп акылман Жеьижок акын айтып кеткен экен. Жеьижок акылман 150 жыл илгери экологиялык алааматтан сактануунун эрежесин айтып кеткен.

Демек экологиялык маданият коомдук маданияттын өзгөчө бөлүгү катары адам баласы жаралгандан баштап эле, бизди курчап турган чөйрөнү кайрадан өзгөртүп түзүү менен бирге анын түпкү маңызына аяр мамиле кылуу болуп келет. Бүгүнкү күндө экологиялык маданият адамдын жаратылышка болгон мамилесинин динамикасын көргөзүү менен бирге, коомдук маданияттын өзгөчө, өз алдынча бир бөлүгү болуп эсептелинет дагы ошону менен бирге коомдо, белгилүү бир функцияларды аткарат. Экологиялык маданият адамдын жаратылышты өздөштүрүүдө, жаратылыш менен катнашуусундагы өзгөчө бир аяр мамиле кылуучу өзгөчө бир социалдык бийик аң сезим болуп эсептелинет. Коом менен цивилизация алдыга өнүгүшү менен бирге эле экологиялык маданият улам жогорку деңгээлге чыгып турушу зарыл. Анткени бүгүнкү күндөгү илимий-техникалык өнүгүү, жаратылышка бир жактуу мамиле кылууга адам баласынын өзүн мажбурлагандай. Демек экологиялык маданиятты жаратылыш менен байланыш түзүүнүн бардык ыкмаларынын жыйындысы катары түшүнсө болот.

Бүгүнкү илимий – техникалык прогресстин учурунда экологиялык маданият, билим жана тарбия берүүдө башкы ролдо турат. Экологиялык билимдин жана тарбиянын максаты ар бир адамдын жашоосунун бардык этаптарында терең жана бекем экологиялык, жалпы маданияттын калыптанышында негизделет. Адамдардын жашоосунда, билим алып тарбияланышында экологиялык өзгөчө баалуулуктар, ошондой эле биосфера жөнүндө түшүнүктөр калыптанат. Демек адам баласы өзүнүн жашоо, калыптануу процессинде адам менен жаратылыш бири-бири менен органикалык биримдикте экенин далилдеди.

## АДАБИЯТТАР


1. Мукасов С.М. Традиции социально-философской мысли в духовной культуре кыргызского народа. - Бишкек, 1998. - 33-бет.
2. Аманалиев Б. Из истории философской мысли кыргызского народа. Фрунзе: Издательство АН КР, 1963. - 15-бет.
3. Валиханов Ч. Избранные произведения. - Алма-Ата 1958. - 152-бет.
4. Аталган чыгарма. - 177 бет.
5. Малов С.Е. Енисейские письменности тюрков. Тексты и переводы. Москва, Ленинград: Изд. АН СССР, 1952. - 8-бет.
6. Аталган чыгарма. - 43-бет.
7. Малов С.Е. Памятники Древнетюркской письменности. Тексты и переводы. Москва, Ленинград: Изд. АН СССР, - 1952. - 65-бет.
8. Малов С.Е. Енисейская письменности тюрков. Тексты и переводы. Москва, Ленинград: Изд. АН СССР, 1952. - 66-бет.
9. Карасаев Х.К. Өздөштүрүлгөн сөздөр. - Фрунзе. - 1986. - 286-бет.
10. Залкар акындар. Жеңижок. - 2 Том. - Бишкек, «Шам». 1989. - 68-бет.